# "Акындын ашыгы,,

Ашыгым сен каякта,
Акының мен каяктаа.
Жээкте турам карап ,
Жете албай сен тарапка.
Эскирген жаңы болоор,
Эх чиркин дары болоор.
Учкан куш чабытындаай,
Убакыт дары болоор.
Ичейин калтырбастан,
Күчөйүн айтылбастаан .
Оо дүйнө дары берчии,
Кусалык дартын баскан.
Оттугу карашыңдын ,
Шоктугу санатымдын.
Жолдорго баш ийбеген,
жоктугу канатымдын.
Өмүрдүн жыргалындаа,
Көңүлдүн ыргагындаа.
Кор кылбай сактайм сении,
Комуздун кылдарында.
Түнөгүм калкаланып,
Жүрөгүм балталанып.
Буулуккан сезимимди,
булуттар айта барар.
Сан жылдыз жыбыраса,
Сабырың кыйнасыын.
Сагындым неге кимди,
Салкын жел шыбырасын.
Ар кимдин ашыгы көөп,
Ай күндүн жазыгы көп.
Айтылып калаар сенсиң,
Акындын ашыгы деп.
Ар кимдин ашыгы көп,
Ай күндүн жазыгы көп.
Айтылып калаар сенсиң,
Акындын ашыгы деп!